# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ КОНЦЕПЦИЯСЫ

Дүйнө улам мезгил өткөн сайын жаңырып бараткатанына карабай, Кыргызстандын кесиптик билим берүү тутуму дале ордунда турат, дүйнөдө, коомдо болуп жаткан илгерилөөдөн, өзгөрүүлөрдөн кыйла артта калды. Кесиптик билим берүү тутумундагы салтка айланган мамиле эми жарабай калды. Кесиптик билим берүүнүн өзү кайра курууга, толук кандуу трансформациялоого муктаж.

Окуу жайларынын азыркы бүтүрүүчүлөрү, айрыкча жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрү бүгүнкү күндүн талаптарына гана жооп бергидей билим алышат, алар эртеңки күндүн катаал талаптарына жооп бере албайт. Андагы студенттер качандыр бир жылдары түзүлгөн программалар менен билим алышып, азыркы ааламдашуу мезгилинин жаңы чакырыктарына ылайыкташкан деңгээлге өздөрүн даярдай турган абалда эмес.

Ааламдашуу мезгилинде Кыргызстан да четте калбашы керек, ал процесс эми баарын өз ичине камтыйт, адам коомунун социалдык түзүмүнө зор таасирин тийгизип, жадесе, өлкөлөрдүн өзгөрүлбөс ички түзүлүшүн, дүйнө тууралуу калыптанган салттуу түшүнүктөрдү да бузуп салуу абалына келип жетти. Мунун баары коммуникативдик мобилдүүлүктүн, эл аралык массалык миграциянын, товар менен кызмат көрсөтүү тармагынын, капитал кыймылынын дүркүрөп өсүп-өнүгүшүнүн фонунда жүрүп жаткан чагы. Тээ качанкы инерттүү, жай кыймылдаган калктын катмары эми технологиялык жаңылыктар менен куралданып, массалык маалымат каражаттарын, ар кандай жарнактарды кенен пайдаланып калды, башкача айтканда, калктын андай катмары өзүнүн ички чөйрөсүндө ааламдашып бaратат.

Эксперттердин айтымында, азыр дүйнө финансылык жана экономикалык глобалдык экосистеманы элестетет. Мунун айрым бир бөлүкчөлөрү бири экинчиси менен тыгыз байланышта, андыктан кайсыл бир бөлүкчөдөгү кризис, кыйроолор башкасына да таасирин тийгизбей койбойт. Коом катмарындагы бай, кедей болуп социалдык теңсиз бөлүнүүнүн күчөп баратышы менен социалдык чыңалуулардын, конфликттердин, экстремисттик кыймылдардын улам жанданышына алып келет, коомдо стабилдүүлүк жоголот.

Кыргызстандын кесиптик билим берүү тутуму прогресстин, стабилдүүлүтүн, өлкөнүн туруктуу өнүгүшүнүн бир фактору катары, азыр түзүлгөн кырдаалды чечүү ишинен четте калбашы керек. Мындан сырткары, Кыргызстан аалам цивилизациясынын туруктуу өнүгүшүнө

коркунуч жараткан проблемаларды да кыйгап өтө албайт, четке кага албайт, антпесе андай коркунуч биздин туруктуу өнүгүшүбүзгө да таасирин тийгиши толук ыктымал.

Алар кайсы проблемалар?

Биринчиден, ***экологиялык проблемалар***. Биздин азыркы аракеттерибиз бизди курчап турган айлана чөйрөнүн өзгөрүшүнө алып келди, мындай абал түпкүлүгүндө өзүбүздү жок кылат. Адам цивилизациясы анын кесиптик билимдерин туура пайдалана тургандыгына байланыштуу болуп турат. Улам өзгөрүп олтурган дүйнөнүн ушундай чукул чакырыктарына туруштук бере ала турган адекваттуу кесиптик билим реформаларын жасап, азыркы кесиптик билим берүүнүн максат-милдеттерин буга зарыл компетенцияларды калыптандырууну ишке ашыруусу керек, ал компетенциялар биздин жашоо мазмунубузду аныктагандай, аны өзгөртө алгыдай болушу керек. Соңку мезгилдердеги, жадесе климаттын чукул өзгөрүүлөрү, буга байланышкан техногендик катастрофалар адамдан стандарттык эмес чечимдерди жасоо талаптарын коюуда. Учурдагы кесиптик билим берүү тутумунун бир жактуу ой жүгүртүүнү калыптандырып көнүп калган абалы мына ушундай кырдаалга туруштук бере алабы? Жок.

Экинчиден, жер жүзүндөгү калктын эбегейсиз өсүшү. Соңку кылымда калктын саны жети эсеге көбөйүптүр. Биздин бири экинчиси менен тыгыз байланышкан, чырмалышкан глобалдык ааламда жашаганыбыздын өзү коркунучтуу болуп калды, биоресурстардын жетишсиздиги ар кандай катастрофалардын жаралышына өбөлгө болууда, адамдын жашоосу үчүн керектүү шарттар тарып бaратат, жердин кунары кетип, айыл чарба керектөөлөрү үчүн да табигый ресурстардын улам тарып баратышы мунсуз да татаалдашкан абалды татаалдаштырып жатат. Салтка айланган система менен даярдалып келген кесиптик билим берүү тутуму мына ушундай кырдаалда адамзаттын проблемаларын чечүүгө жарабай калды.

Үчүнчүдөн, ***санариптик диктатура.*** Бүгүнкү жасалма интеллектин мүмкүнчүлүктөрү адамдыкынан кыйла ашып түшөт, компьютердин акылы менен ылдамдыгы азыр баарын алмаштырып калган заман. Биотехнология менен маалымат технологиялары жаатындагы изилдөөлөр адамдын эмоциясын, үмүт-тилектерин, аракеттерин алдын ала билгидей, аларды башкаргыдай абалга өнүгүп жетти, адам акылы жетпеген кыйла татаал маселелерди чечип калды, эми андай технологиялар айдоочуларды, банкирлерди, юристтер менен врачтарды да алмаштырып калды. Технологиялык мындай секирик жүрүп олтуруп эмгек рыногундагы миллиарддаган адам күчүн

сүрүп чыгарат, натыйжада, эч жерге керексиз жумушчулардын (ашка жүк, башка жүк, ашыкча адамдардын) жоон тобун түзүп, коомдо социалдык жана саясий чыңалууларды жаратышы мүмкүн.

Жүрүп отуруп компьютерлер биздин өзүбүздү изилдеп баштайт, биздин ордубузга ар кандай чечимдерди кабыл алат, адамдын денеси менен мээсинин тереңде жаткан механизмдерин изилдеп, таанып, натыйжада, адам жашоосунун үстүнөн үстөмдүгүн жүргүзө баштайт. Биз бүгүн санарип диктатурасынын босогосунда турабыз.

Бүгүн адамзат он, жыйырма жылды мындай коёлу, эртеңкиси эмне болорун билбей калды. Азыркы көптөгөн кесиптер жашоодон четтеп, жоголушу мүмкүн, ошондуктан кесиптик билим берүү тутуму келечекте актуалдуу боло турган кесиптерди, компетенцияларды калыптандыруу аракетин эмитен көрүшү абзел.

Кыргызстандын кесиптик билим берүү тармагы бүгүнкү күндө техникалык жана технологиялык прогресстен кыйла артта калды. Кесиптик окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүнүн алган билими, квалификациялык деңгээли азыркы талаптарга такыр жооп бербей калды. Мындай абал коом үчүн да өлкө үчүн да кымбатка турушу мүмкүн. Биз эми кесиптик билим берүү тутумун өзгөртүшүбүз керек, антпесек ааламдашуу процессиндеги ар кандай жетишкендиктерден кол жууп, адам цивилизациясынын сыртында калышыбыз толук ыктымал.

Эмне кылуу керек?

Эң оболу, учурдун кесиптик билим берүү тутумунун негизги артыкчылыктарын аныктап, адистерди даярдоо ишинде кайсыл артыкчылыктарды кармануу керек экендигин терең түшүнүп алуу зарыл. Ал адистерди эмнеге (кайсыга) окутуу керек жана кесиптик билим берүү тутумунун иши кандай уюштурулушу керек деген маселе турушу зарыл.

Өсүп келе жаткан муунга биз эмнелерди үйрөтүшүбүз керек, кесиптик билим берүү тутуму кандай болушу керек, санариптик технологиялар менен жасалма интеллекттин заманында билим берүү стандарттары менен окуу программалары кандай болушу керек? Көптөгөн кесиптер жоголуп, алардын ордуна башкалары, жаңы кесиптер пайда болот. Ар кандай суроолорго жоопту интернеттен алууга мүмкүн болгон мезгилде көп маалыматты эстеп калуу зарылдыгы барбы?

Азыр түшүнүктүү нерсе ушул – кесиптик билим берүү тутуму келечектеги кызматкерлерди, жумушчуларды мезгилдин чакырыктарына жооп бергидей билим менен билгичтиктерге ээ кылышы керек. Демек, биздин бүтүрүүчүлөрүбүз ар кандай шартта жана кыйынчылыктарда туура жолун таап кете алгыдай, коопсуз жана ыңгайлуу шарттарды түзүп алгыдай адистерди даярдаган билим берүү тутумун түзүшүбүз керек. Бул үчүн жашоонун бардык тармактарындагы адистердин билими, билгичтиги, көндүм-адаттары, компетенциялары, мотивациясы жана эмоционалдык интеллекти ушуга жооп бергидей калыптандырылышы керек. Башка сөз менен айтканда, билим берүү жыйырма биринчи кылымда жашап кетүүгө мүмкүндүк жараткан алтын ачкыч болушу шарт.

Кыргыз билим берүү академиясынын педагогикалык илимдер жана кесиптик билим берүү борборунда жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн жыйынтыктары көрсөткөндөй, республиканын лицей, колледж, университеттеринин бүтүрүүчүлөрү азыркы күндүн талаптарына жооп бергидей базалык компетенцияларга ээ эмес. Алардын дале болсо адистик камылгалары жетишсиз, кесиптик этика сакталбайт, вербалдык жана жазуу коммуникациясы начар, топ менен иштөө көндүмдөрү жокко эсе, кызматташа алышпайт, жаңы технологиялар менен иштей албайт, сынчыл ойлом камылгалары жетишсиз, өз алдынча чечим кабыл ала алышпайт.

Мында көрсөтүлгөн кесиптик даярдоодогу жана бүтүрүүчүлөрдүн базалык билими менен көндүмдөрүнүн начардыгы Кыргызстандын экономикалык өнүгүшүнө өз кедергисин тийгизип жатат. Качан гана билим берүү тутуму жаңы технологиялардан артта калса, ал эми адистер талаптарга жооп бере албаса, мунун баары коомдун өнүгүшүнө да кедергисин тийгизип, коомдогу социалдык катмарларга бөлүнүү, кирешелердин бирдей эместигине алып келет. Мунун баары өндүрүштүн натыйжалуулугун төмөндөтүп, алга жылуу эмес, тескерисинче, кетенчиктөөгө алып келет, коомдогу социалдык стабилсиздикке жана чыңалууларга алып келет. Ар бир адамдын, инсандын, адистин максаттары коомдун түпкү максаттары менен дал келгендей болушу зарыл. Республиканын конкуренттүүлүктө туруштук бере алышы, анын гүлдөп өсүшү, өнүгүшү өлкөдөгү мыкты билимге ээ болгон адамдардын санынын көптүгүнө байланыштуу болот.

Билим берүү тутуму коомдогу адамдардын муктаждыктарына жооп бергидей абалда болушу үчүн кесиптик билим берүүнүн максатын, стандарттарды, программаларды замандын жаңы талаптарына ылайыкташтырып кайрадан түзүп чыгышыбыз керек. Мунун алдында заман талап кылган кесиптерди тандап, аларга

үйрөтүүнүн классикалык, үлгүлүү предметтерди киргизишибиз зарыл, ал эми окутуу ишин билим, билгичтик, көндүм-адаттардын, компетенциялардын калыптандырылышына гана эмес, жеке адамдын кызыкчылыктары да эске алынгандай, анын окуп, билим алууга болгон дилгирлигин калыптандырган жаңы предметтерди окутуп, жаңы кесиптерге үйрөтүшүбүз зарыл.

Азыркы заманда жаңы шарттарга өз алдынча ой жүгүртө алган, өз алдынча иштей билген, креативдүү, коммуникабелдүү адам гана ылайыкташа алат, ал эми белгилүү бир тар билимге, билгичтиктерге гана ээ болгондор үчүн эми кыйын эле болот.

Баарынан мурда азыркы кесиптик билим берүү стандарттары менен программалар ийкемдүү болушу шарт. Ийкемдүүлүк – тез өнүгүп, тез өзгөрүп турган азыркы заманда жашап кетүүнүн бирден-бир мүмкүнчүлүгү. Эгерде программалар менен стандарттар ийкемдүү болбосо, алар бат эскирет, жараксыз болуп калышы ыктымал, себеби, дүйнөнүн өзгөрүшү менен билим берүүнүн максаттары да тынымсыз өзгөрүп олтурат эмеспи. Кырдаалга жараша андай өзгөрүүлөр ар кандай ылдамдык менен болушу мүмкүн. Айталы, санариптик технологиялар боюнча окуу предметтери замандын ар кандай шарттарына гуманитардык предметтерге караганда тез өзгөрүп турушу мүмкүн. Бул окуу программалары менен стандарттардын тынымсыз өзгөрүп турушу дегендик эмес, болгону аларды замандын соңку талаптарына ылайыкташтырып туруу дегендик.

Окуу программаларынын ийкемдүүлүгү алардын ачыктыгында жана ааламдын ар кайсы жерлеринде жашап, окуп жаткан студенттин компьютеринин экранында же мобилдик тиркемесинде эркин колдонулгандай болушу дегендик. Окуу программаларынын ийкемдүүлүгү – студенттин керектөөлөрүнө, кызыкчылыктарына жана жеке максаттарына ылайык өзгөртүп алуу дегендик. Мында студент өздөштүрө турган предметин өзү тандайт, өзүнүн өсүү парадигмаларын өзү аныктайт, мунун өзү анын жалпы өнүгүшүнө, натыйжалуу билим алуусуна өбөлгө.

Билим берүү тармагынын эл аралык эксперттеринин пикирине ылайык, жаш өспүрүмдөр жыйырма биринчи кылымда жашоосун өтөлгөлүү өткөрүшү үчүн кесиптик билим берүү тутуму программалар менен стандарттарды долбоорлоо мезгилинде окутуунун мына бул аспектилерин: билим, билгичтик, көндүм-адаттар, ала турган билимдин мүнөзү жана “мета-познание” деп аталган көндүмдөр эске алышы керек.

Билим – бул биз билген, биз түшүнгөн нерселер, анын салтка айланган түрү менен бүгүнкү күндүн билими болот. Салтка айланган билимдерге математика, табигый илимдер, эне тили, чет тилдери, коомдук илимдер, искусство, дене тарбиясы кирет. Кесиптик билим берүүнүн азыркы стандарттары менен программаларында ушул саналган предметтер көбүрөөк орун алып, учурдун талаптарына шайкеш келген жаңы предметтерге (билим, билгичтик, компетенция, окуучунун жеке касиет-сапаттарынын өрчүшү) орун берилген эмес.

Эмнеден баштоо керек? Эң оболу, биз салттуу билимдердин негизи орто мектептен башталарын билип алышыбыз керек, ал эми кесиптик билим берүү тутумунда кесиптик компетенцияларды калыптандыруу иши жүрөт. Ал компетенциялар тынымсыз толукталып, жыйырма биринчи кылымдын талаптарына жооп бергидей улам жаңы билимдер, билгичтиктер менен камсыздалып туруусу зарыл. Демек, кесиптик билим берүү ишинде салттуу предметтер сунуш кылынбайт деген сөз. Бирок алар жаңы форматта, адистин өмүр бою пайдалана ала турган идеялардын алкагында жаңыланган формада сунуш кылынышы толук ыктымал. Булар ошол окулуп жаткан предметтердин тутумундагы таяныч болуучу мета-идеялар, ал предметтердин алкагында белгилүү бир теманын чегинде болбошу да мүмкүн.

Алган билим бир предметтин алкагынан сырт болгон соң билимдин ар кайсы тармактарын бириктирген байланышты табуу зарылдыгы келип чыгат, мунун натыйжасында кесиптик билим алуу процессинде мета-идеянын ролу күчөйт. Кесиптик билим берүүдөгү мындай өзгөртүүлөр окутуунун методдорун, каражаттарын өзгөртүү зарылдыгын жаратат. Кесиптик билим берүү ишинде студентке тигил же бул предмет боюнча темаларды деталдаштырып олтуруунун кажети жок, ага өтүлө турган теманын маңызын гана түшүндүрүү жетиштүү. Окулуп жаткан ар бир материал практикалык жактан баалуу болгону туура, ошондо гана студент кийин кайсыл адистикти тандайт, ошого жараша тандаган предметинин идеяларынын, мета-идеяларынын базасына ээ болушат.

Кесиптик билим берүүнүн азыркы системасы предметтик, окуу материалдарынын түз сызыктуу жайгаштырылышына ылайыкташтырылган, мунун өзү тигил же бул компетенцияларды өздөштүрүүдө натыйжалуулугун бере албайт. Ал кесиптик компетенцияларды натыйжалуу өздөштүрүү, практика көрсөткөндөй, окуу маетриалдарын модулдук система менен өздөштүрүү зарылдыгы келип чыгат.

Модуль – окуу программасынын өз алдынча турган бир бөлүкчөсү, бул бөлүм логикалык жактан жыйынтыкталган абалда болот да зарыл болгон белгилүү бир компетенцияларды калыптандырууга багытталат. Модуль – бул теориялык жана практикалык бөлүктөрүнөн турган билим берүүнүн стандарты, мунун жыйынтыгы менен студенттин алган билимдери бааланып турат. Студентти да окууга стимулдаштырат. Модуль окуу материалынын көлөмү, татаалдыгы жана узактыгы боюнча ар кандай болушу мүмкүн. Алар бир канча предметтерди бириктириши да мүмкүн, же болбосо, бир предметтин алкагында болушу да мүмкүн. Модулдун составында окутуунун натыйжаларын көрсөткөн жыйынтыктар болот, окуу процесси аяктаганда студент ала турган билимин баалоонун критерийлери да көрсөтүлөт.

Окутуунун жыйынтыктары менен жетишилген компетенциялар аныкталат. Ар бир модулда 10-12 кредиттен ашпаган окуу жүктөмү болушу керек. Окуу программасына сунуш кылынган ар бир модуль жыйынтыкталып турушу керек, айталы, студенттин ээ боло турган билими, билгичтиктери менен компетенциялары ошол модулдун жыйынтыктары менен гана өлчөнөт.

Практика көрсөткөндөй, ар бир модуль окуу материалын өздөштүрүүнүн бири-экинчиси менен тыгыз байланышта болгон төрт этаптан турушу керек. Биринчи этапта ала турган билимдер калыптандырылат, башкача айтканда, компетенцияларды түзгөн теориялык матераил өздөштүрүлөт. Андай компетенцияларды калыптандыруунун негизинде теориялык кандай материалдар болушу мүмкүн? Ошол компетенцияларга ээ болуш үчүн окуу материалындагы кайсыл темаларды өздөштүрүү зарыл? Ал теориялык материалдар татаалдыгы менен ырааттуулугуна карап өздөштүрүлөт. Тигил же бул конкреттүү компетенцияны калыптандыруу үчүн окуу материалы тандалып алынат, мында ал теориялык материал ошол бөлүмдү толук камтыгандай болсун, ар кандай булактардан алынса да бир гана теманын же бөлүмдүн алкагында болушу зарыл.

Студентке теориялык билим берүүнүн негизги каражаты лекция экендиги белгилүү. Лекциянын форматы студентке багыт берүүчү мүнөздө болуп, лектор студентинин көңүлүн керектүү темаларга, бөлүмдөргө, параграфтарга багыттап гана жүрүп олтурат. Буга чейинки салтка айланган лекциялар изденүүнүн, изилдөө жүргүзүүнүн элементтери менен болсун, окуу материалын жөн эле сунуш кылуу эми жарабай калды. Эгерде студент окуусун баштаарда эле өз алдынча ой жүгүртө албаса, тапшырмаларды коё албаса, анын

окуудан келечеги жок. Кесиптик билим берүү тармагы мына ушунда гана жогорку сапаттагы адистерди даярдай алат.

Окутуунун экинчи этабында лекцияда өздөштүрүлгөн теориялык материалдар практикалык жана лабораториялык сабактарда тереңдетилип өздөштүрүлөт. Мында студент модулдук компетенцияларды өздөштүрүүгө багытталган окуу материалдарынын ичинен негизгилерин, керектүүлөрүн өзү аныктап, өзү тандайт. Мындай сабактардын ар бирине студент да, окутуучу да мыктылап даярданышы керек. Ар бир студент теориялык материалды өз алдынча өздөштүрүп, анысын кагазга түшүрөт да, окутуучу менен тигил же бул маселени талкуулоо үчүн отурат. Окутуучу студенттерден талкуулоо үчүн маселелерди алган соң, аларды ирети менен практикалык сабактарга алып чыгат. Ал практикалык сабактар дебат, тегерек стол, талкуу, конференция түрүндө болушу толук ыктымал. Кандай форматта өткөрүү иши талкууга коюла турган теманын же чечиле турган маселенин мүнөзүнө жараша болот. Экинчи этаптагы негизги нерсе – студенттин теориялык материалды өздөштүрүү учурунда жаралган маселелерди чечүү.

**Үчүнчү этап – практика.** Бул этап компетенцияларды калыптандыруудагы негизги этап. Компетенциялар негизи алынган билимдин практикада колдонулушу менен калыптандырылат эмеспи. Мындай нерсе дуалдык окутуу (өндүрүш ишканасы менен билим берүү мекемесинин биргелешкен иши) ишинде гана болушу мүмкүн.

Кесиптик билим берүүнүн дуалдык системасы уюштуруу-укуктук жактан эки жактын тутумунан турат: бул эки окуу-өндүрүштүк чөйрө - өндүрүш мекемеси жана кесиптик мектеп. Булар адистерди кесипке даярдоо ишинде тыгыз байланышта иш жүргүзүшөт. Мындагы мамлекеттин ролу жеке менчик өндүрүш ишканалары менен билим берүү субъектилеринин (фонддор, бирикмелер ж.б.) кесиптик билим берүү саясатын туура жүргүзүүдө жана анын туура жүргүзүлүшүнө көзөмөл кылуу.

**Жумуш берүүчүлөрдүн кесиптик билим берүүгө активдүү аралашуусу** базалык мекемелердин түзүлүшүнө жол ачат, окуу-материалдык базанын чыңдалышын шарттайт, алдыңкы өлкөлөрдүн тажрыйбасын эске алуу менен окуу стандарттарын түзүүгө көмөктөшөт, адистердин сапаттуу даярдалышына, өндүрүш практикаларын максаттуу жүргүзүлүшүнө өбөлгө болот.

Кесиптик билим берүүнүн дуалдык системасына өткөндө кандай артыкчылыктарга ээ болууга болот?

1. Дуалдык билим берүүдө окутуу кесиптик практика менен кошо жүргүзүлөт, мунун өзү бир топ артыкчылыктарга ээ. Кесиптик-практикалык билим менен билгичтиктерди атайын буга ылайыкталган практикалык аянтчаларда алууга болот, ошентсе да өндүрүш мекемеси менен окуу жайдын биргелешкен аракеттери кыйла натыйжалуу болор эле. Ошондо гана студент реалдуу иштиктүү аракеттер менен алек болот.

2. Дуалдык окутуунун экинчи бир артыкчылыгы – адам өспүрүм курагында улуулардын жашоосуна тез аралашат, андыктан окутуунун мындай системасынын тарбиялык мааниси да чоң. Өндүрүш мекемесиндеги жаш адам чоңдор менен аралашат, коллектив менен жуурулушат, өндүрүштүн татаал кырдаалдарында ал өзүн сынайт, башкалардын сынында болот, өзгөлөрдүн ишин өзү да сындайт, ошентип, ал өндүрүш ишинин ички проблемалары менен ичкертен таанышат.

3. Өндүрүштө окуп жаткан жаш адам үйрөнүүчү-окуучу гана эмес, чыгармачылык менен өз алдынча иштей алган адис. Окуу мезгилинде ал реалдуу мамилелер менен аралашып, толук бир жумага созулган салттуу окутуу системасында ала албай турган билим, билгичтиктерге, практикага ээ болот.

4. Дуалдык окутуу системасынын жогоруда саналган артыкчылыктарынан башка да анын өзгөчөлөнгөн бир мүнөзүн белгилөөгө болор эле, бул – жумушчу кадрларды даярдоо ишинде өлкөнүн экономикасынын ички чыгымдарынын активдүү катышуусу, ал чыгымдар кесиптик окутуу иши менен өндүрүш чыгымдарын балансtап туруу мүмкүнчүлүгүн жаратат. Кесипке даярдоонун салттуу системасы иштеген өлкөлөрдө студенттердин өндүрүш практикасын өлкөнүн экономикасы толугу менен өзү көтөрөт эмеспи. Ошондуктан мындай чыгымдар улам кыскартылып отуруууга муктаж болот, натыйжада, өндүрүшкө айрыкча жаңы технологияларды киийрүү ишинде, же окутуу ишиндеги бардык адистик багыттарга өндүрүштүк практиканы киийрүү ишинде эки тарап тең жабыр тартышы ыктымал.

Модулдун төртүнчү этабы – баалоо. Кесиптик билим берүү системасындагы тигил же бул компетенциялардын калыптангандыгын баалоо ишинде көптөгөн проблемалар болуп келди. Мындай абал ошол калыптандырылган компетенциялар кесиптик ишмердүүлүктө гана көрүнүп, ушунун алкагында чектелген абалда болду. Кыргызстанда буга чейин кесиптик стандарттардын иштелип чыкпагандыгы бул ишти андан ары татаалдатты. Эми андай стандарттар өндүрүш менен билим берүү ишинин жуурулушунан гана

эмес, эмгек рыногунун талаптарын да эске алган стандарттар болушу керек. Кесиптик даярдоо окуу мекемелери менен иш берүүчүлөр биргеликте иш алып барууга алигиче шашкан жок, окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүн болгон билими менен ишке алып, кийин аларды өндүрүштө окутуп же үйрөтүп алабыз деген абалда турушат. Ушунун өзү кесиптик билим берүүнүн жаңы саясатын толук кандуу ишке ашырууга жолтоо экендиги айдан ачык.

Тигил же бул компетенциялардын калыптандырылышын көзөмөлгө алуучу же тескеп туруучу, практика далилдегендей, студенттин өзү экен. Ошондуктан студенттин өзүн өзү баалоосу, ал ээ боло турган компетенциялардын калыптандырылышын тескеп турuусу маанилүү элемент болуп, студенттин билим алуусун көзөмөлдөп турат. Натыйжада, окуу мекемесинде компетенцияларды калыптандыруунун окутуучу жана тереңдетүүчү чөйрө пайда болот, демек, студент кесиптик билим берүүнүн негизги максаты болгон өз алдынчалуулукка, өз билимин тереңдетүүгө, чыгармачылыкка дуушар болот. Студент өз билимин өзү баалап турuусу жалпы окутуу ишинин да натыйжалуулугун арттырбай койбойт. Студент кесипке даярдоо стандарттарынын да аны окутуп жаткан окутуучунун да талаптарын, көрсөтмөлөрүн аткара алгандай болушу керек.

Соңку мезгилдерде компетенцияларды баалоо ишинде окуучунун, студенттин портфолиосунда сакталган чыгармачылык менен иштөөсүнө басым жасалып калды. Ал портфолиодо студенттин окуудагы ийгиликтерин камтыган маалыматтар топтолгон, аны студент керек жерде пайдаланып, өзүнүн жетишкендиктерин даңазалай алат, ушунун натыйжасында студент өзүнүн кесиптик алган билимин баалай алат эмеспи.

Портфолио студенттин билим, билгичтиктеринин сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрүн сактап, анын таанып билүү ишмердүүлүгүн ар кандай каражаттар менен өлчөөнүн жол-жоболорун да сунуш кылат. Мында баалоо гана эске алынбай студенттин өзүн-өзү баалоосу, бирин экинчиси баалоосу эске алынат, демек, өзүн-өзү анализдөө, өзүн-өзү көзөмөлдөө иши күчөйт.

Портфолионун калыптандырылышы окутуучу менен студенттин ортосундагы тыгыз байланышты арттырат, мунун максаты жыйынтыктарды баалоо.

Портфолио үзгүлтүксүз билим берүү процессинде да баалоонун формасы катары кабыл алынып, баалоонун салттуу ыкмаларынан ийкемдүү системасына өтүүгө өбөлгө түзөт. Баалоонун мындай системасы келечекте кесиптик жана кызматтык баалоо критерийлерин

иштеп чыгууга жарап берет, натыйжада, студенттин компетенцияларын тез баалоо жагы ишке ашырылат.

Портфолиону пайдалануу салттуу окутууну жаңы элементтер менен толуктоого шарт түзүп, натыйжада, окутуу ишинин өзүн жаңыча түшүнүүгө алып келет. Демек, портфолио студенттин ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктарын баалоонун максатка багытталган, системалуу жана үзгүлтүксүз формасы катары кесиптик билим берүүдөгү баалоо системасын жөнгө салат.

Кыргыз билим берүү академиясынын педагогикалык илимдер жана кесиптик  билим берүү борбору тарабынан жүргүзүлгөн изилдөөлөр көрсөткөндөй, студенттин лекцияларды угуп, окуп, тапшырмаларды аткарганга караганда интеллектуалдык татаал иштерди аткаргысы келет экен, башкача айтканда, анын окутуу процессине активдүү аралашкысы келет, мында окутуунун натыйжалуулугу артат эмеспи. Белгилүү болгондой, билимге жетишүүгө болот, эгерде аны пассивдүү өздөштүрсөң, көндүм-адаттар менен бекемдебесең, ал билимиң үстүртөн болуп калышы толук ыктымал.

Кесиптик билим берүү өлкөнүн жалпы билим берүү тутумунда орчундуу, маанилүү орун алаша үчүн биз студент ала турган билимден башка да билгичтиктердин жана мета-аңдап билүүсүн жеткиликтүү болушун камсыз кылышыбыз шарт.

Эл аралык окутуу практикасында “жумшак билгичтиктер” жана “катуу билгичтиктер” деген аталыш менен билгичтиктердин эки тобу белгиленген. “Жеңил билгичтиктердин негизин төрт “К” түзөт: ***коммуникация, коллаборация, сынчыл*** **ойлом** жана ***креативдүүлүк.*** “Катуу билгичтиктер – булар, негизинен, кесиптик, гибриддик билгичтиктер. Булар маалымат технологияларында колдонулуп, уюлдук жана маалыматтык коопсуздукту билүүнү, мобилдик тиркемелерди түзүүнү жана статистикалык анализ жүргүзүүнү талап кылат. Башкача айтканда, булар мета-көндүмдөр катары адамды анын бүтүндөй кесиптик ишмердүүлүгүндө коштоп жүрөт.

**Коммуникация.** Жок дегенде үч тилди өздөштүрүү мезгилдин талабы болуп калды. Болгондо да күнүмдүк баарлашуу, жазуу, окуу деңгээлинде гана эмес, мындан да терең өздөштүрүү зарылдыгы бар. Бардык нерсе тыгыз жуурулушкан ааламдашуу доорунда эне тилин же орус тилин гана билүү жетишсиз болуп калды. Интеграциялык жана ааламдашуу процесстери көп тилдүү билим берүү тутумун талап кылат. Көп тилдүүлүк кесиптик билим берүүнүн да негизги компетенциясына айланды. Англис тилин өздөштүрүү өзгөчө маанилүү. Ал эл аралык кызматташуунун, баарлашуунун куралы

катары илимдин, маданияттын жана инновациялык өнүгүүлөрдүн тили болуп калды.

**Коллаборация** (кызматташтык). Азыркы татаал, кыйчалыш заманда ааламды кызматташтык менен өз ара түшүнүүчүлүк гана сактап калат. Коомдун алдында турган көптөгөн маселелерди көз караштары, кесиби, тили жана карманган дини боюнча ар түрдүү элдердин кызматташтыгы азыр абадан да зарыл болуп турган чак. Кесиптик билим берүү тутумундагы кызматташтык – бул бир канча адамдын, кесип ээлеринин бул маселени чечүү ишинде биргелешип, кызматташып иштөөсү дегендик. Кызматташтыктын көндүмдөрүн калыптандыруу окутуу ишинин натыйжалуулугун арттырып, студенттин өзүн-өзү баалоосун аныктап, аларды толеранттулукка көндүрөт. Азыркы заманда кызматташтык стабилдүүлүктүн, коопсуздуктун жана өнүгүүнүн негизи.

**Сынчыл ойлом.** Сынчыл ойлом – бул ар кандай ойду, пикирди текшерүүнүн, өздөштүрүүнүн жана бекемдөөнүн бирден бир жолу, асыресе, таңууланган пикирге карата да өз оюн билдирүүнүн жолу. Бул жаңылуу менен алдануунун алдын алуучу жол. Кесиптик билим берүү тутумундагы сынчыл ойломдун калыптандырылышы кесиптик билим, билгичтик, көндүм-адаттар сыяктуу эле чоң мааниге ээ. Өзүн жана аны курчап турган чөйрөнү сергек аңдай алган адам кыйчалыш абалдарда негизги фигура болуп калат.

**Креативдүүлүк** (чыгармачыл ойлом). Азыркы замандагы кесиптик ишмердүүлүктө чыгармачылык менен ойлонуу, иш жасоо негизги жана маанилүү көндүмдөрдүн бири. Чыгармачыл ойломду ар дайым ишмердүүлүктүн көркөмдүк түрлөрү менен байланыштырып келишти. Ар бир адам төрөлгөндөн тартып эле чыгармачыл мүмкүнчүлүктөрү менен төрөлөт эмеспи. Муну ачып алуу иши гана татаалдыктарды жаратышы мүмкүн. Кесиптик билим берүүнүн башкы максаттарынын бири да чыгармачыл мүмкүнчүлүктөрдү ачууда турат. Чыгармачыл ойлом логикалык, катардагы ойломго караганда көбүрөөк аракетти талап кылышы мүмкүн. Логикалык же катардагы (линейное мышление) ойлом менен биз бир идеядан экинчисине мурдатан кабыл алынган эрежелер же нормалар аркылуу барышыбыз мүмкүн. Ааламды чыгармачылык менен кароо бир сызыктуу табият күтпөйт, бир караганда көзгө анча чалдыкпаган нерселерди чыгармачыл ойломдун жардамы менен байкоого болот. Азыркы заман стандарттык эмес ой жүгүрткөн чыгармачыл адамдарды талап кылат. Чыгармачыл адамдар гана коомду позитивдүү өзгөрүүлөргө алып келет. Ушундай адамдар гана жакындап келе жаткан ар кандай коркунучтарга, катаал чакырыктарга туруштук бере алышат.

Эксперттердин билдирүүсүнө караганда, азыркы замандын билим берүүсү мүнөздүн сапатынын өнүгүшү менен тыгыз байланышкан. Мунун өзү кесиптик билим берүү жаатына да тиешелүү.

Билим берүүнүн салттуу системасында адамдын мүнөзүнүн сапаты, абалы көмүскөдө калган болучу. Эксперттердин маалыматына ылайык опурталдуу азыркы заманда адамдын мүнөзү башкы мааниге ээ экен. Адамдын мүнөзүндөгү сезимталдык, көп нерсеге кызыккандык, туруктуулук, адеп-ахлактуулук, лидерлик сапаттар азыр зарыл. Мунун баары адамдын жашоосунун жакшырышына өбөлгө түзөрүндө күмөн жок. Мүнөздүн жерпайынын калыптанышы үй-бүлөдөн башталып, а негизги мүнөз мектепте калыптанат. Кесиптик билим берүү тутуму инсандык мүнөзүн калыптандырат, келечек адистин кесиптик мүнөзүн максаттуу калыптандырат. Мүнөздү тарбиялоо иши үзгүлтүксүз мүнөзгө ээ болуп, эч кандай чечимдерге баш ийбейт. Адам мүнөзүн тарбиялоонун эң эле бир негизги шарты студент келип кошулган окуу жамааты, чөйрө болуп эсептелет. Бул чөйрө студенттин мүнөзүнүн калыптанышын тескеп, анын ичине ал аралаша баштайт, өз аракеттерин ошол чөйрөнүн таасиринде жасай баштайт. Кесиптик мектептерде адамдын мына ушундай мүнөздөрүн калыптандыруу үчүн шарттар түзүлгөнү жакшы, анын андай мүнөзү кийин профессионалдык ишмердүүлүгүндө пайдасы тийгендей болсун.

Кесиптик билим берүү системасында дагы бир өзгөчө көңүл бура турган нерсе – бул болочок адистердин мета-аңдап билүү (познание) деп аталган көндүмдөрүн калыптандыруу иши. Азыркы шартта окутуунун мына ушундай мета деңгээлдерине көбүрөөк көңүл бөлүнүп, мунун алкагында окуучулар кантип жана кандай билим алып жаткандарына өздөрү көзөмөл жүргүзүшөт, окуу процессине активдүү адаптацияланышып, түпкү максаттарын туура аныктоого көнүшөт, ушунун өзү окутуу процессинде мета-познание деген көндүмдөрдү калыптандырат.

Мета-познание түшүнүгүн, адатта, окууга үйрөнүү деп да атап жүрүшөт, бул – ички процесс болуп, адам өздөштүрө турган нерсесин аңдап-билет да окууга адаптацияланат. Башка түшүнүк менен айтканда, бул – окуудагы максаттарга жетишүүнүн жолу, каражаты. Окуу процессине ичкертен байкоо жургүзүп, анын түпкү натыйжалары мага кандай ийгиликтерди алып келерин билүү студент үчун маанилүү нерсе. Мындай көндүмдөр келечек адис үчун өтө маанилүү.

Окутуунун салттуу технологиялары мына ушундай мета-познание сыяктуу көндүмдөрдүн калыптандырылышына көп маани бербегендиктен, алар көбүнчө ашыкча белгиленбей келинген. Мындай көндүмдөр окуу процессин уюштуруунун системасынын өзүндө

камтылганда болушу керек. Алар күнүмдүк сабактардын ар биринин алкагында күн сайын жүргүзүлүшү зарыл.

Мета-познание деп аталган көндүмдөр бирдиктүү билим берүү процессинин ажырагыс бөлүгү, окуу процессинин башка аспектилери сыяктуу эле жыйырма биринчи кылымдын адистерин даярдоо ишинде ири мааниге ээ. Мындай көндүмдөрдү калыптандыра албаган окуу процессинин натыйжалуулугу төмөн болот.

### Башталгыч кесиптик билим берүү

Кыргызстандагы башталгыч билим берүү тутуму ар кандай багыттагы адистерди даярдоочу 98 кесиптик лицейлерди камтып, квалификациясын жогорулатуу жана жумушчу кесиптерге кайра даярдоо иштерин жүргүзөт. Курулуш, энергетика, тоо-кен өндүрүшү, текстиль жана тигүү өндүрүшү, туризм, тарнспорт, айыл чарбасы, кайра иштетүү жана тамак-аш өндүрүшү сыяктуу артыкчылыктуу тармактарга адистерди даярдайт. Бул лицейлердин комплектациячы 70 пайыздан ашыгыраак. Биздин республикада кесиптик билим берүүнүн ушул тепкичи, этабы көбүрөөк талап кылынат. Эксперттердин пикиринде, бүгүнкү күндө бул тармактагы адистер боюнча суроо-талап менен муктаждыктардын ортосунда чоң дал келбөөчүлүк орун алган, республикада адистештирилген жумушчу күчү жетишпейт. Адистерди даярдоонун бул баскычында белгилүү бир квалификацияга ээ адистерди даярдоо иши да солгундап баратканын эксперттер эскертишүүдө. Сонку он-он жыл аралыгында башталгыч кесиптик билим берүүнүн мазмуну менен структурасынын сапаты төмөндөп, эскилиги жетти, региондордун социалдык-экономикалык муктаждыктарын канааттандыра албай жатат. Учурда даярдалып жаткан адистиктер заман талабына ылайык келбей, эскирди, эмгек рыногунун талаптарына шайкеш келбейт. Квалификациянын улуттук чектери аныкталган эмес, кесиптик стандарттар али жаңыча түзүлгөн эмес. Билим берүү мекемелери менен иш берүүчү өндүрүш мекемелеринин ортосунда кызматташтык жок, башталгыч кесиптик билим берүү мекемелеринин материалдык-техникалык базасы эскирген. Ошол эле учурда соңку он жылдыктын аралыгында жумушчу адистерге болгон муктаждык күчөдү.

Мезгил өзгөрдү, эл өзгөрдү, коом да улам өзгөрүүлөргө дуушар болууда. Экономика эми башка, ал эми башталгыч билим берүү тутуму али да болсо учурдун реалдуу абалына ылайыкташып өзгөрбөй, дале адистерди даярдоонун индустриалдык парадигмаларынын алкагынан чыга албай келет. Маалымат технологияларынын жана санариптештирүүнүн жанданышы менен

айрым кесиптер жоголуп баратат. Мындай шартта башталгыч кесиптик билим берүү тутумун кайрадан карап чыгуу зарылдыгы бар. Башталгыч кесиптик билим берүүнүн архаикалык, натыйжалуулугу төмөн системасын кармоо мамлекет үчүн да кыйынга турууда. Мезгилдин соңку чакырыктарына жана республиканын ички шартына ылайыктап, башталгыч кесиптик билим берүү тутумун жөнгө салуу милдети турат.

Башталгыч кесиптик билим берүү системасы натыйжаларды баалоонун жана сертификациялоонун механизмдерин али түзө элек, а эскилери жарабай калды. Окутуучулар менен кесипке окутуунун мастерлери өздөрүнүн квалификациясын жогорулата элек, алардын эмки деңгээли талаптарга жооп бербейт. Окутуу ишин жүргүзгөн окуу мекемелери менен иш берүүчүлөрдүн ортосунда кызматташтык жок. Бүтүрүүчүлөрдүн билим сапатын аныктоо боюнча иш-чаралар аткарылбайт.

Башталгыч кесиптик билим берүүнү башкаруунун административдик-буйрукчул системасы иштеги ийкемдүүлүк менен чыгармачылыкты муунтуп салган. Натыйжалуу башкаруу болбогон соң, финансы ресурстарынын көбү окуу жайдын маетриалдык-техникалык абалын жакшыртууга жумшалып, иштин сапатын арттыруу жагы унутта калган. Муну мындан ары улантууга болбойт!

Кыргызстандын экономикасы чала адистердин туткунунда калып, техникалык артта калуу өмүрүн кечирип жаткан чагы. Соңку мезгилдердеги өзгөрүүлөр, ааламдашуу процесси менен санариптештирүү технологиялары башталгыч кесиптик билим берүү тутумун кайрадан карап чыгуу милдетин жүктөп койду.

Башталгыч кесиптик билим берүү кандай болушу керек? Биринчиден, аймактар менен өндүрүш тармактары үчүн адистерди даярдоонун артыкчылыктуу багыттарын аныктап алуу зарыл. Экинчиден, башталгыч кесиптик билим берүүнүн окуу программаларын жыйырма биринчи кылымда талап кылынган эл чарбасынын муктаждыктарына ылайыктап кайрадан түзүп чыгуу зарылдыгы турат. Бул ар бир адистиктин ааламдашуу доору менен санариптештирүү мезгилинин талаптарына жооп бере турган адистерди даярдоо дегендик. Республиканын коомдук-экномикалык санариптештирүү багытына бет алганы мунун дагы бир ирет ырастайт. Үчүнчүдөн, окутуу, адистерди даярдоо милдетин алган окуу жайлары менен андай адистерди иш менен камсыз кылган өндүрүш мекемелеринин ортосундагы кызматташтыкты күчөтүү зарылдыгы бар. Төртүнчүдөн, башталгыч кесиптик билим берүү тутуму дуалдык негизде болуп, билим алуучулардын жеке өзгөчөлүктөрүн эске алган

ийкемдүү программанын негизинде иштеши керек. Бешинчиден, башталгыч кесиптик билим берүү мекемелери жалпы билим берүүчү орто мектептер менен тыгыз байланышта иш алып баруусу зарыл. Жалпы билим берүүчү орто мектептер үчүн да потенциалдык жумуш берүүчүлөр үчүн да башталгыч кесиптик билим берүү мекемелери ресурстук борбор болушу керек.

**Орто кесиптик билим берүү**

Орто кесиптик билим берүү Кыргызстанда 145 окуу жайында жүргүзүлөт. Башталгыч кесиптик билим берүү сыяктуу эле орто кесиптик билим берүү тармагы түп тамырынан бери кайра курууга, трансформациялоого муктаж. Кесиптик билим берүүнүн аталган деңгээли качандыр бир жылдары республиканын социалдык-экономикалык өнүгүшүнө ири салым кошкону менен, ал бүгүн билим берүүнүн индустриалдык парадигмаларынын түпкүрүндө чектелип калды. Ырас, соңку жылдары жаңы стандарттарды түзүү, ишке киргизүү боюнча айрым бир реформалар жүргүзүлүп, адистердин компетенцияларын калыптандырууга, кредит технологияларын кийирүүгө басым жасалганы менен аталган тармактын эскилиги жетти. Эми башка заманда жашап жатканыбызды эске алсак, биз муну моюнга алышыбыз керек. Орто кесиптик билим берүү мекемелеринин аталыштарын “колледж” деп өзгөртүп коюу менен маселе чечилген жок, мындагы проблемалар дале калды.

Жыйырма биринчи кылым маалымат менен санариптештирүүнүн доору, андыктан башталгыч кесиптик билим менен орто кесиптик билимдин, ошол орто кесиптик билим менен жогорку кесиптик билим берүүнүн ортосундагы кескин айырмачылыктар даана көрүнө баштады. Мындай шартта орто кесиптик билим берүү тутуму аны түбүнөн кайра куруп чыгууну талап кылат. Мындан сырткары, жыйырма биринчи кылымда зарыл болгон адистик көндүмдөр менен билим, билгичтиктер кесиптик билим берүүнүн тигиндей деңгээлдерине карабай универсалдуу мүнөзгө ээ. Булар биз жогоруда сөз кылган билим менен билгичтиктер эмес, жадесе, көндүмдөр да эмес. Орто же жогорку кесиптик билим алган адистер ааламдашуу доору менен санариптештирүү технологияларынын доорунда өз кесиби менен ийгиликтүү иштеп кеткидей компетенцияларга ээ болуулары керек.

Бүгүн жашоодо бир сөз менен түшүндүрүүгө мүмкүн болбогон жагдай түзүлүп калды, адис орто же жогорку кесиптик билим берүү мекемесин аяктап чыгары менен анын кесиби жараксыз болуп калган учурлар жок эмес. Эмнеге мындай болуп жатат? Көптөгөн кесиптер

ички маңызы боюнча өзгөрүп жатат. Соңку эле беш - он жыл аралыгында адамзаттын ишмердүүлүгүндөгү технологиялар жаңырды.

Адамдардын кесипке болгон мамилелери да өзгөрүүдө, окуу жайын аяктап адистикке ээ болгон соң, анысын алмаштыруу иши жалпынын жекелик формасына айланды, бул коомдун социалдык-экономикалык кырдаалына жараша жүрүп жатат. Ааламдашуу доору менен санариптештирүү мезгилиндеги кесиптерге ээ болуу жагы жаңы бир мазмунга ээ болуп, адамдын ээ болгон кесибине карабай кеңири компетенцияларга ээ болуусун заман талап кылып олтурат. Ар кандай кесипке зарыл болгон кандайдыр бир универсалдуу компетенциялардын зарылдыгы азыр көнүмүшкө айланышы керек, жасалма интеллекттин, маалымат технологияларынын өнүккөн мезгилинде алган билимине, ээ болгон кесибине карабай адам жалпы бир универсалдуу компетенцияларга ээ болушу зарыл.

Кесиптик билим берүүнүн ар бир баскычында, муну менен катар орто кесиптик билим берүүдө да алган кесиби адамды канааттандыра алгыдай болсун, ошол кесиби менен иштегенге шыкак болуп, ошонусу менен ийгиликтерди жаратсын.

Кесиптик билим берүүнүн максаты да адамды келечектеги кесиптик ишмердүүлүккө даярдоо болсо, ал эми анын мазмунун адамдын (кесип ээсинин) универсалдуу көндүмдөр менен компетенцияларга ээ болуусу түзүшү абзел.

Орто кесиптик билим берүү структурасы боюнча да мазмуну боюнча да өзгөрүшү керек. Ал кайсы багытка бет алып өзгөргөнү туура?

1.Стандарттар менен окуу программалары ийкемдүү келип, жыйырма биринчи кылымдын талаптарына ылайыкташкан көндүмдөр менен компетенцияларды калыптандырууга багытталышы зарыл. Баарынан мурда “soft skills” деп аталган жумшак көндүмөрдүн калыптандырылышы. Мындай көндүмдөрдү кесипке ээ болгонго чейинки этап деп эсептеп, адамдардын ортосундагы байланышты түзө ала турган, адамдын башкалар менен кызматташып иштей ала турган көндүмдөрдү калыптандыруучу жалпы билимдер деп түшүнүүгө болот. Мындай көндүмдөрдүн ички тутумуна коммуникация, коллаборация (кызматташуу), сынчыл ойлом жана креативдүүлүк кирет. Бир сөз менен айтканда, адам белгилүү бир кесипке ээ болгонго чейин мына ушул көндүмдөргө ээ болсо, анын кийин кесиби менен иштеген учурунда эл менен натыйжалуу иштеше алат.

2.”Hard skills” деген аталыш менен белгилүү болгон катуу көндүмдөрдүн калыптандырылышы гибриддик, аралашма

компетенциялар болуп, тигил же бул тармакка тиешелүү болгон кесиптер. Алар иш процессинин жүрүшүн камсыз кылып, тигил же бул кесиптерге керек болгон кесиптик продуктуларды даярдап берүү милдетин аткарат. Бул экөөнүн биргелешип иштеши эмгек ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун арттырат.

